**“ФАРИДАМ”**

Созу: Шайлообек Дуйшеевдики

Обону:Тынарбек Амановдуку

Коңшулаш айылдан кезиккем,
Коңгуроо үнүңдү эшиткем.
Корооңо киралбай экөөбүз,
Кошулуп бир аксак дечү элек.

Кайырма: Фаридам, Фаридам, Фаридам.
Аттиң ай, өкүнөм эмгиче,
Адырдан гүл терип бергиче.
Алтыным башкага кеттиң сен,
Алыстан кайрылып келгиче.

Азапка бактысын байлаган,
Армансыз жашоодо барбы адам.
Жоголгон күндөрдү эстетип,
Жолуктуң неге сен кайрадан?

Кайырма: Фаридам, Фаридам, Фаридам.
Балбылдап көздөрүң карагат,
Басчу элең жүрөктү жаралап.
Бактылуу боло көр, кантейин,
Балалык ак сүйүүм аманат.

Кайырма: Фаридам, Фаридам, Фваридам.